# Кышкы айыл



Автор: Насыпбек Асанбаев

Сүрөтчү: Бакай Сыдыков

# Кышкы айыл

Автор: Насыпбек Асанбаев
Сүрөтчү: Бакай Сыдыков

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кышкы айыл"(кыргыз тилине), автор Насыпбек Асанбаев, сүрөтчү Бакай Сыдыков.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Адылдын айылды кышында биринчи жолу көрүшү. Буга чейин жайында келчү. Бирок быйыл шартка жараша кышкы каникулда келди.



Ал көчөгө чыгып, айылдык досторуна кошулду. Балдар хоккей ойнойбуз деп чогулуп жатышыптыр. Адыл айылда муз аянты бар го деп ойлогон.



Көрсө, балдар айылдын четиндеги өзөнгө бара жатышыптыр. Адыл өзөндү көрүп, аябай таң калды. Суунун үстү тептегиз муз экен. Балдар биринчи хоккей ойношту.



Андан кийин муз тебишти. Муздан тажаганда, дөңдөн чана тебе башташты.

Адыл курсагы ачкыча балдар менен жүрдү.



Үйгө келсе, чоң энеси мешке от жагып коюптур. Тамак даяр болгуча, мешке жылынып отурду.



Адыл мешти да биринчи жолу көрдү. Аны менен үй жылытса да, тамак жасаса да болот экен.



Мештин көзүн ачып, казан асышты. Анан кайра жаап, чайнек коюп, чай кайнатышты. Көң салса деле, көмүр салса деле, отун салса деле, меш күйө берет турбайбы! Кандай сонун меш!



Шаарда жылыткыч менен тамак жасаса болбойт да. А электр чайнекке кантип тамак жасайсың? Ага нан бышырганга да болбойт.



Тамак да бышты. Нан бышты. Чай кайнады. Адылдын суу болуп калган өтүгү менен мээлейи да кургады. Меш абдан сонун нерсе турбайбы!

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор:Насыпбек Асанбаев
Сүрөтчү:Бакай Сыдыков



USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- **1.3 деңгээли**

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли